# ЭЛДИК МАЙРАМДАР

НООРУЗ
ЧЕЧКОР
ҮЛҮШ
ОРОЗО АЙТ
КУРМАН АЙТ

# ЭЛДИК МАЙРАМДАР

## НООРУЗ
## ЧЕЧКОР
## ҮЛҮШ
## ОРОЗО АЙТ
## КУРМАН АЙТ

Түзүп, иштеп чыккан
ргыз Республикасынын маданиятына
эмгек сиңирген ишмери
Балбай АЛАГУШОВ.

Бишкек «Адабият»
1993

ББК 63.5
Э 45

Сүрөтчүсү К. Турумбеков

ЭЛДИК МАЙРАМДАР: Нооруз, Чечкор, Үлүш, Орозо жана Курман айт /Түз. Б. Алагушов; Сүрөтчүсү К. Турумбеков. — Б., Адабият 1992 48. б.
ISBN 5—660—00806—2

Бул китепчеде элибиздин илгертеден келе жаткан Нооруз, Чечкор, Үлүш, Орозо жана Курман айт майрамдары, аларды тосуу, өткөрүү жол-жоболору жөнүндө түшүнүк берилет.

0505000000—278
Э ————————————92—без объяв.
М 455 (11)—92 ББК 63.5

В брошюре рассказывает о кыргызских народных праздниках Ноорузе, Чечкоре, Улуше, Орозо и Курман айте. Она рассчитана на широкий круг читателей.

ISBN 5—660—00806—2
© «Адабият» басмасы 1993-ж.

# АЛГЫ СӨЗ

**Урматтуу окурмандар!**

Элибиздин өткөн өмүрүнө, баскан жолуна сереп салып көрсөк үмүт-тилегине, кайгы-кубанычына, эл-жерге болгон урматтоосуна, эркиндик-тендикке умтулуусуна, каада-салттарына, урп-адаттарына күбөдөр болобуз. Алар кандай гана катаал көчмөндүү турмушту башынан өткөрбөсүн, ариде улуттук ыйык туткан касиеттерин туу көтөрүшүп, өөрчүтүп, колдон-колго, муундан-муунга өткөрүп, кылымдан-кылымды карытып бизге жеткирди.

Ырас, Октябрь төңкөрүшүнөн кийин эл отурукташып, өнөр жайлуу жумуриятка айланды. Илимде, маданиятта көп өсүштөр болду. Бирок, ошол кездеги бийлик ээлери элдин мүдөөсү менен эсептешпей, динди танып, элдик бай традицияларды эскичилик көз караш деп жокко чыгарып, улуттук майрамынан, каада-салтынан, ыймандуулук асыл сапаттардан ажыратып салашты. Акыйкаттык бар экен, акыр түбү эли-

биз көз карандысыз өлкөгө ээ болуп, демократиялуу жолго түшүп, ата мурастары кайрадан калыбына келтирилип, элдик майрамдардын жанданышына жол ачылды.

«Майрамы болбой — эл болбойт» дегендей кыргыздар да «Нооруз», «Чечкор», «Үлүш», «Орозо айт», «Курман айт» сыяктуу көптөгөн элдик майрамдарды өткөрүп келишкен. Бирок, алар жетимиш жылдан бери майрамдалбай көмүскөдө катылып келди. Сыйынуу маанайында майрамдалып келген «революциялык» салтанаттагы майрамдардын ордуна улуттук майрамдарыбыз турмушубуздан кеңири орун ала баштады. Алардын ирилеринен болгон Нооруз, Орозо жана Курман айттар Кыргыз Өкмөтүнүн атайын чечими менен элдик майрам катарында белгиленип, калың калктын кызуу колдоосуна алынды. Нооруз, Орозо жана Курман айт майрамдары жумуриятыбыз экономикалык жактан өтө оор шартта, элибиздин жашоо-турмушу аябай жакырланган учурга туш келсе да көптөн күткөн, самаган салтанат катары үзүлбөс үмүттөрдүн, ак тилектердин шаңдуу майрамдарындай өткөрүлдү.

Бул китепче элдик майрамдардын калк арасына тарашы, аларды өткөрүү боюнча көрүлүүчү даярдыктар, майрамдалышы жөнүндө эл-журтка

кеңири жеткирүү максатында жарык көрүп отурат.

Китепчеге кирген материалдын көпчүлүгү Кыргыз Академиясынын кол жазмалар фондусунан, Орозо, Курман (Курбан) айттардын чыгышы, кутулушу, майрамдалышы кыргыз жумуриятынын мусулмандарынын казысы Кимсанбай Абдракмандын, анын биринчи катчысы Отонбай уулу Дүйшөнбек ажынын маектеринен алынып жазылды. Мындан сырткары мезгилдүү басма сөз беттерине жарыяланган материалдар пайдаланылды.

Түзүүчүдөн.

# НООРУЗ

Абалтан эле кыргыздарда дүйнөнүн башка элдериндей эле төрт мезгилдин ар кайсы айларында өздөрүнүн салттуу майрамдары майрамдалып келинген. Алар: **НООРУЗ, ҮЛҮШ, ЧЕЧКӨР, ОРОЗО АЙТ, КУРМАН АЙТ** болгон.

НООРУЗ: Байыркы Чыгыш элдеринде, ошонун ичинде кыргыздарда 2000 жылдан ашуун убактан бери күн менен түндүн теңдешкен күнүн жаңы жыл — Нооруз, же Ноорууздама дешкен. Нооруз фарсы тилиндеги Нав—жаңы, руз—күн деген сөзүнөн алынган. Ал бара-бара түрк тилдериндеги элдерге төл сөз катары өтөт. Жалган куран айы болсо Навруз амад (Жаңы күн келди), Руз-и-курдад (Чоң күн келди), Руз-и-мурдад (Түбөлүктүү күн келди) делип үчкө бөлүнгөн.

Нооруз — жаркыраган жаздын, жаштык ди-

гердин, кужурмөн эмгектин, жакшы тилек-умуттун, биримдуулуктун, кайрымдуулуктун, бооруkillкердиктин, ыймандуулуктун, адилеттуулуктун, таттуу даамдуу жайыл дасторкондун майрамы. Ал элибизде өтуучу майрамдардын эң бир улуусу, эң бир салтанаттуусу болгон.

Нооруз жалган куран айынын 20сынан 21ине караган тунү өткөрулгөн. Бул кунду мен кыргызмын дегендин баары кары-жашына карабай чыдамсыздык менен ак эткенден так этише кутушкөн. Алар жаңы жылга карата жаңы кийимдерди даярдашкан. Алсак, карыялар, байбичелер ак, жаштар тустуу кездемелерден кийимдерди, көйнөктөрду тиктиришкен. Боз уйлөр тигилип, тал-теректер буталып, короо жайлар тазаланып, ар бир уйдун ичи кут тушкөндөй турге келтирилген. Ал эми ар бир инсан болсо колунда болгон эң даамдуу, эң сыйлуу тамак-ашын Ноорузга арнаган. Жаңы жылга карата даярдалган тамактардын ичинен өтө сыйлуусу, өткөрө ширелуусу сумөлөк менен чоң көжө болгон.

Сумөлөктун келип чыгышы жөнундө эл ичинде ар кандай уламалар айтылат. Алсак, алардын биринде: «Илгерки өткөн заманда, жаркыраган жаздын алгачкы айында калкты ачарчылык каптайт. Эл ичин өлум-житим аралайт. Жумурай журттун айласы куруп, самандай сапыры-

лат. Эл тентийт. Тамак сурап чыркыраган балдардын үндөрү басылбайт. Энелеринин айлалары кетип, аргалары түгөнөт. Алар ары ойлонушат, бери ойлонушат. Мындай учурда адамдан амал качып кутулбайт тура. Мээрман энелер бир ойго келишип, ар кимиси колдорунда болгон тамак-аштарын ортого чыгарышат. Бирөөсү бир чымчым унун, экинчиси бир кашык майын, үчүнчүсү бир ууч талканын, дагы бирөөлөрү үчтөрт өрүктүн кагын ж. б. чогултушат. «Көп түкүрсө көл болот» дегендей көпчүлүктөн жыйналган тамак-аш чоң аш казандын жарымынан болот. Ага толтура суу куюлуп, от жагылып, казан асылат. Ал кайнайын деп калган маалда кызыл чиедей жаш тогуз баласын ээрчиткен жесир аял келет. Ал от жагып отурган аялдарга көзүнүн жашын көлдөтө төгүп: «Айланайын журтум, казаныңарга кошоор эчтемем жок, мына бул тогуз жумалак таштан башка эч нерсе таппадым, жок дегенде алар тогуз балама ырыскы болуп кошо бышсын», — деп жуз аарчысына ороп келген таштарын таптаза жууп «Бисмиллахир рахмани рахим, жараткан Алла таалам калайык калкыма токчулук менен бейпилчиликти алып келсин»,— деп казанга салат.

Казан бороктоп кайнай баштайт. Ак элечектүү байбичелер казанды аралаштырган сайын

«Айланайын кудай, ушул көктөм элибизге токчулук менен бак-таалай алып келсин, журтубуз ачкачылыктан кыйналып кетти, мол түшүмдүн, берекенин, ден-соолуктун жылы болсун!» — дешип Алла тааладан суранышат. Табы менен от жагылып, казан бүлкүлдөп кайнай берет. Курсактары ачып, чаалыккан балдардын алды кыңылдап ыйлап жатып уйкуга кетет. Казан таң аппак атканча кайнатылат. Ага салынган ар түркүн нерселердин буруксуган жыты каңылжарды жарат. Алар эң бир таттуу, эң бир жегиликтүү, токчулук даамданып бышат. Ал жакшылап демделип, суугандан кийин идиштерге салынат. Аны жаш кары дебей сөөмөйлөрү менен илип жешет. Ал бир айга жетет. Калк ачкачылыктан аман калат. Андай ширелүү, күлазыктуу, касиеттүү тамакты **эл сүмөлөк** деп аташат. Ошол жылы элдин тилеги кабыл болуп, жаз жакшы болот. Эгин өмүрүндө чыкпагандай чыгат. Мол түшүм алынат. Калк токчулукка белчесинен батат. Ошол күндөн ушул күнгө чейин ата-бабаларыбызды ачарчылыктын апатынан аман сактап калган касиеттүү сүмөлөк ыйык тамак аталат. Кийин ал бара-бара жаңы жылды тосуудагы салттуу тамакка айланат.

СҮМӨЛӨКТҮ даярдоого кам көрүү иши жаңы жылга он-он беш күн калганда башталат. Алгач

белгилүү өлчөмдөгү беш, же жети кадак (кг) жакшы сапаттагы буудай тандалып жана тартылып алынгандан кийин таш-пашы терилип, ыпыр-сыпырлары тазаланат. Андан соң буудай сыныгы жок, таза жуулган чарага, табакка ж. б. идиштерге салынып, аябай жуулат да, туура бир күн сууда кармашат. Эртеси көбө түшкөн буудай кайрадан таза жуулуп, таза супуранын, чыптанын, чыктандын, тактайдын ж. б. бетине жайылат да, үстү даки (марли) менен жабылат. Буудай кургап кетпес үчүн суу чачылып турат. Ал жылуу жерде кармалат. Качан буудай өнүп, көк майсасы колдун сөөмөйлөрүнүн бир муунундай бийиктик өлчөмдө өскөндө сокуга салынып жанчылат. Майдаланган буудай чарага салынат да кол менен дагы бир жолу мыжылат. Абдан эзилген буудай чараларга бөлүнөт да, аларга суу куюлат. Эртең жаңы жыл деген түнү айылдын сыйлуу адамдары атайын сүмөлөк даярдалып жаткан үйгө чакыртылат. Алар колдорунда болгон тамактарын — ун, мейиз, өрүк ж. б. алып келишип, майдалашат да (жанчышат) от жагышып, кадыр түн күтүшүп, сүмөлөктү бышыра башташат. Аны ар кандай убакта: түн бою, күндүзү да кайнатышкан. Маселен, кечки саат алтыдан эртең мененки алтыга чейин. Эгерде, өндүрүлгөн — уютулган буудай 5 кадак болсо,

чоң казанга асылат. Ага он кадак акталган ак май куюлат. Алгач майга жети токоч бышырылат. Аны аксакалдар куран окушкандан кийин жешкен. Казандагы май муздагандан кийин 5 кадактайы идишке куюлуп алынат да, даярдалып коюлган буудайдын ширелүү суусун дакиден өткөзүп (таза сүзүп) казандын кулагынан бир карыштай кем кылып куюлат. Анан ага таза эленген ун бөлтөгү жоголгонго чейин аябай чалынат. Кээ бир жерде ун куурулуп да чалынат. Эгерде казанга бир кадактай уютулган— өндүрүлгөн буудай керектелсе, ага 4—5 кадак ун чалынат. Унду көп, же аз кошуу буудайдын сапталышына жараша болгон.

Казанга от жагыла баштаганда, ал түбүнө тартып күйүп кетпес үчүн сайдын майда өрүктөй болгон кара таштарынан жети, же жыйырма бир даанасын аябай таза жууп салышкан. Казандайыма сузгу, чөмүч, депкир менен аралаштырылып, сүмөлөк коюуланган сайын өндүрүлгөн буудайдын шире суусунан куюлуп турат. Ал эми сүмөлөк коюулуп быша баштаганда майы үстүнө калкып чыгат. Сүмөлөктүн өңү-түсү да кара күрөң тартып, кайнаган сайын майы калкып туна баштайт. Сүмөлөк бышканда от тартылып, казандын капкагы жабылат да, үстү жылуу нерсе менен оролот. Ал баш-аягы 4—5 саатча дем-

делет. Белгиленген убакыт өткөндөн кийин айыл аксакалдары, байбичелер чакыртылат. Алар, о дүйнөгө кеткендердин арбактарына арнашып куран окушуп, бата тилешет. Ошондон кийин гана казан ачылат. Үстүндөгү майлар таптаза калпынып алынат. Андан кийин сүмөлөк идиштерге куюлуп, меймандарга берилет. Абалкы салт боюнча сүмөлөк сөөмөй менен илинип желинет. Сүмөлөктү бышыруунун эң негизги максаты — аны элге ооз тийгизүү, алардын ыраазычылыгын, сообун алуу.

Сүмөлөк бышырылып жаткан үйдө ырлар ырдалып, шандуу оюн-зоок да өткөрүлгөн. Аларда элдин бейпилчилиги, токчулугу, ыймандуулугу, ынтымак-ырашкерлүүлүгү айтылып:

«Сүмөлөк бүгүн кайнатып,
Бешене терим сүртөмүн.
Ыйманды бүгүн күтөмүн.
Бактыбыз бүгүн ачылсын,
Ырыскы-кешик чачылсын!»

— деп ырлар ырдалган.

Жаңы жылды тосуудагы сыйлуу тамактын дагы бирөө — Чоң көжө болгон. Ал акталган буудайдан жасалган. Аны жети түтүн биригишип бышырышкан. Бир эле мезгилде алар көжө менен узун сарыга сакташкан сүрлөрүн да, татту

тамактарын да бышырышкан. Буларды айыл адамдары топ-топ болушуп, үймө-үй кыдырышып жешкен. Ак дасторкондун үстүндө, келген жаңы жыл калкка, жаңы бак-таалайды, махабатты, ырыс-кешикти, токчулукту, бейпилчиликти, ынтымак-ыймандуулукту кошо ала келген кутмандуу жылдан болуусун тилеген каалоолор айтылган.

Нооруз күнү ар бир үйдө кургатылган арча, адырашман түтөтүлүп, өлгөн адамдар эскерилип, куран окутулган. Келгендерге сүмөлөк тартылган. Андан баардыгы ооз тийишкен.

Ошондо:

— Алас, алас, алас,
Ар балээден калас,
Айдан аман, жылдан эсен бололу.
Жакшылыкты теңир берди,
Жарык күндү кеңири берди.
Ообуз данга толсун!
Оозубуз нанга толсун!

— дешип аласташкан. Ушул күнү колунда барлар бей-бечараларга кайыр-садага беришкен. Ушул күнү айыл-ападагылар жаңы жыл бизге оттой ысык жашоону алып келсин дешип балбылдата от жагышып, андан секирип, тегеренишип бий бийлешкен. Ушул күнү Баба дыйкандан

мол түшүмдү сурашып, үрөнду жакшылыкка жумшалсын деп себишкен.

Эл жаздын алгачкы жамгырын да, күндүн күркүрөгөнүн да кубануу менен тосушкан. Балдар болсо чакаларга таш салып алышып, чөмүч менен чаканы ургулашып боз үйдү айлана: «Жер айрылып чөп чык, желин айрылып сүт чык»— дешип ырдашкан.

Ушул күнү ага-туугандар, достор, коңшу-колоңдор бири-бири менен таарынышып жүрүшсө элдешишкен жана кечирим сурашкан. Ошентип, алардын биринин да көкүрөгүндө кири калбаган. Мына ушунусу менен жаңы жыл берктуу да, нарктуу да болгон.

Нооруз күнү улуттук: «Балбан күрөш», «Эр оодарыш», «Көз таңмай», «Эр сайыш», «Аркан тартмай», «Төө чечмей» ж. б. оюндары ойнолуп, айгыр, күнан чабылып, жорго салдырылган. Ошентип, жаңы жыл бүтүндөй журттун салтанаттуу, салттуу майрамына айланган.

«Арыба, Нооруз! Келе бер, Нооруз! Элибиз айдан аман, жылдан эсен болсун! Талаабызга ак дан бергин. Алдыбыздан ак дасторкон, башыбыздан бак-дөөлөт, ырыс-кешик, узун өмүр, ынтымак-ырашкерчилик кетпесин!» — деген бата айтылган.

# ЧЕЧКОР

Байыркы кыргыздар төрт мезгилдин ичинде жазды, жайды, күздү өзгөчө көксөө, эңсөө менен күтүшкөн. Азыр да ошондой.

«Баардыгы жазда башталат» дегендей жаркыраган жаздын келиши менен бүтүндөй жаратылыш жанга кирип, бүтүндөй жан-жаныбарлар, макулуктар төлдөп, болочоктогу мол түшүмдүн үрөндөрү себилет.

Элибиз тоо-таштын арасын мекендеп, көчүп-конуп, мал багып келишсе да, буурсун менен буруксута жер айдашып, эгин эгишип, баба дыйканчылыктан кол үзүшкөн эмес. Ошондо, кош айдоодо, болочоктогу мол түшүмдүн үрөнүн себишкенде минтип ырдашкан:

Мына, септим уучтап,
Жылуу жерден конуш тап.
Бу — жетим-жесирге,
Мунусу — карып-мискинге,
бу — ач-арыкка,
Мунусу — алсыз-карыпка,
булары курт-кумурскага.
Мунусу — суранчыга,
а бул — тилемчиге,
булары — саламчыга.

Калгандары
Сизге, бизге, мага.
Баба дыйкан жолдошум,
бардык ишти оңдосун.
Жар болуп жылоосун.
Сугатың өксү болбосун,
өнгөндө арам чөп койбосмун.
Береке бек байласын.
Бердик Баба дыйканга
бириң миңдеп чайласын!
Дыйкандардын дүрбөөнү
Ак буудайдын үрөнү.
Шамыянын шайлатып,
Кош өгүзүн айдатып,
Буурсунду буктуруп,
Кара жерге суктуруп,
Жердин жүзүн ачтырып,
Ак буудайды чачтырып,
Маласын майда тарттырып.
Арыгын тереӊ чаптырып,
Ачкачылыкты жоготуп,
Таш капкандай катырып,
Суу агызып арыкка.
Токчулукту келтирип,
Ушу дүйнө жарыкка.

ЭГИН БЫШКАНДА:

Баба-дыйкан, — атабыз,

Калың кара көп журт,
Пайдаңды көрүп жатабыз,
Береке бер эгинге,
Белсенип кызмат биз кылсак,
Эмгек кетпес тегинге.
Байчечекей, шиберлер,
Бажырайып бүрдөсүн,
Бачым эмгек кылгандар,
Карыны тоюп гүлдөсүн!

**ЭГИН ОРГОНДО:**

Бол, жигиттер, болгула,
Ор, жигиттер, оргула,
Чал, орогум, чалгының.
Арпа, буудай таштабай,
Боого байлап салгының.
Ор, орогум оргунуң,
Бербе бир дан жоолорго,
Ор, орогум, оргунуң! — деп ырдашкан.

**А ТЕМИН БАСУУ УЧУРУНДА:**

Майда-майда, мапмайда,
Майдаласын атты айда.
Кызыл толгон кырманды,
Сузалы биз, кап кайда?
Бекер жүрсөң жан багып,
Таба албайсың эч пайда.
Майда-майда, оп майда,
Орой-орой, оп майда,

Ороо толсун, оп майда.
Кырча-кырча басканың
Кырман толсун, оп майда.
Майда-майда, мапмайда,
Майдалансын атты айда.
Майда бассаң жаныбызга пайда,
Талкандары бизге пайда,
Топондору сизге пайда.
Орой-орой, оп майда
Талкандары бизге пайда.
Кар алдына калбасын,
Эртелеп барып майдала.
Орой-орой, оп майда,
Орой-орой басканда,
Ороо толсун, оп майда.
Кырча-кырча басканда
Кырман толсун, оп майда,
Даны бизге пайда,
Майда-майда-майда,
Оп, оп майда, оп майда.
Тилек кылдык кудайга.
Береке бер буудайга.
Далым күйдү бул жайда,
Баба дыйкан бар болсо,
Бир карашар ал-жайга.

Анан дыйкандар темин басышып, алгачкы кы-

ылын сузаарда кой-козудан, же эчки-улактан бирди кырманга алып келишип, жыгач күрөктүн бетине мууздашып, этин бышырып, элди чакырып бата алышкан. Аны болсо эл Чечкор дешип, түшүм майрамына айландырышкан.

ЭГИНДИ САПЫРГАНДА:

— Айдар кел, айдар кел ээ-ээй!
Талкан жеген баланы
байлай кел ээ-ээй, кел!

— дешип желди чакырышкан.

Элдик майрамдарыбыз бир баштан калыбына келтирилип жатканда баба дыйкандан калган Чечкор майрамын жаңы маанайда мол түшүмдүн майрамы катары калкыбызга кайрадан тартуулообуз зарыл.

## ҮЛҮШ

Үлүш — кыргыздардын жайлоо майрамы. Ар бир айыл жатактан жайлоого жаңыдан көчүп барганда бээ байлашкан. Алар кымызын сабага үч-төрт күн жыйнашып, анан кочкор союшуп, аны куйкалашып коңшу айылдагыларды чакырышып, кымыз бузушкан. Ошондо үй ээси жана меймандар салт катарында жайлоо майрамында

ырдалган «Үлүш» аттуу ырды жеке жана топ менен кошулуп ырдашкан:

Үлүш болот жайында,
Кой, жылкылуу айылда.
Тайларын минип жарышат,
Үлүшкө балдар барышат.
Аталар берген мүчөсүн,
Курга түйүп алышат.
Жай жайлоонун үлүшү,
Жандын баары кубанып,
Жадырап жайнап күлүшү.
Биздин айыл күнгөйдө,
Силердин айыл тескейде,
Тунук булак шаркырайт,
Тоолор болсо жаркырайт.
Торгой, күкүк тынымсыз,
Сайрап турат көчүндө,
Бакалар чардап көлүндө.

Жылкычылар болсо үлүшкө карата өздөрүнүн салттуу ыры «Шырылдаңды» ырдашкан. «Жарамазан» өңдүү түн ичинде айылдан айылды, үймө-үй кыдырып ырдашкан. «Шырылдаңды» ырдагандарга үй ээлери тамак беришкен. «Шырылдаң» Камбар атанын ыры катары ырдалып калган.

# ШЫРЫЛДАҢ

## (1-түрү)

Конок тоого бүткөндө
Кошо чыккан шырылдаң.
Таруу ташка бүткөндө
Талаша чыккан шырылдаң.
Жылкычы менен коюндаш
Жанаша чыккан шырылдаң.
Шырылдаң биздин шыйкыбыз
Түндө келет уйкубуз.
Шырылдаң айтып жүргөндө
Конок менен таруунү
Жеп кетпесин жылкыбыз.
Шыр, шырылдаң, шырылдаң
Жылкычынын ыры экен,
Жигиттердин айты экен,
Бай, бай терек, бай терек
Башын кессең не керек?
Ит желиндүү бооз койго
Эгиз козу не керек?
Эрге жакпас катынга
Упа эндик не керек?
Ана султан шырылдаң,
Мына султан шырылдаң!
Шып, шырылдаң шыр экен
Жылкычынын ыры экен.

(2-т ү р ү)

Сааса иет бээлер,
Саа-саа байлар, саа байлар!
Салам айттык акелер:
Куттуу болсун ушу үйлөр,
Курут алсын жеңелер.
Куру калсын мечкелер;
Кууп алсын баатырлар.
Тууп алсын катындар.
Айдап алсын дыйкандар,
Атып алсын мергендер.
Сайып алсын баатырлар,
Сатып алсын кербендер.
Ала даакы шырылдаң,
Кула даакы шырылдаң.
Султан аттуу шырылдаң,
Эсен болсо жылкыбыз,
Эртең канар уйкубуз.
Карылардын наркы экен,
Жигиттердин айты экен.
Жылкычынын мурунтан
Айтып жүргөн салты экен.
Ала даакы шырылдаң,
Салтанаттуу шырылдаң.
Алача бээ, сур тайлар,
Минилбеген кур тайлар

Бүртө-бүртө бүртөлөр.
Бүртө байлар сур тайлар,
Байбичелер, энелер,
Баш көтөрөр жеңелер.
Шалдыр-шулдур шакек чык,
Саймалаган жоолук чык.
Шакекти колго салалык,
Жоолукту белге чалалык.
Жылкыбызга баралык,
Кунан тайды минелик.
Кубалашып ойнойлук,
Айгыр атты минелик.
Оодарышып ойнойлук.

## ШЫРЫЛДАҢДЫН БАТАСЫ

Бата башы дың-дың,
Малды берсин миң-миң.
Жылкы берсең ага бер,
От жакадай бала бер.
Жүктөрүнө төө бер,
Жүктөп алып жүрө бер.
Саарына бээ бер,
Сааган сайын ие бер.
Желеңдин бир учуна,
Ат чуркаса жетпесин.

Кас санаган душманың,
Келерки ушул убакка жетпесин!
Оомийин, алооуакбар!

Короо кайтарышкан кыз-келиндердин таңдытан аткыча «Бекбекейлеп» ырдашканы да жайлоо майрамынын кечки салтанатын көркүнө чыгарган.

## БЕКБЕКЕЙ

### (1-түрү)

Ала байтал Бекбекей,
Айкалышкан Саксакай.
Кула байтал Саксакай,
Сак карашкан Бекбекей!
Бекбекей качты, бел ашты.
Саксакай кууп адашты.
Кара тоону этектеп,
Мен коноюн Бекбекей.
Кара макмал тонуңа,
Жең болоюн Бекбекей.
Кызыл тоону этектеп
Мине турган атыңа
Жал болоюн, Бекбекей.

Иче турган ашыңа
Бал болоюн, Бекбекей,
Түндө, түндө жүгүргөн,
Түлкүнүн колу сөгүлсүн.
Түн уйкуну үч бөлгөн,
Карышкыр каны төгүлсүн.
Бекбекей качты, бел ашты,
Белине белбоо жарашты.
Укурук үчүн майтардым,
Издебей короо кайтардым.
Укуругум долоно,
Ууру, бөрү жолобо.
Камчымдын сабы долоно,
Каапыр ууру жолобо.
Ууру келсе уштайбыз,
Бетин айра муштайбыз.
Төбөгө чаап айдайбыз,
Төөгө тиркеп байлайбыз.

(2-түрү)

Ийнемдин үчүн майтардым, э-ээ-эй,
Бүгүн короо кайтардым, э-э-эй-
Ийнемдин үчүн түзөттүм, э-ээ-эй,
Ишенбей короо күзөттүм, э-ээ-эй!
Короомдун чети таман жол

Кайтарган кѳроом аман бол.
Кыз-келин короо кайтарган,
Илгертен калган салт ошол.

Куйруктуу кара токтуну,
Куудур-шуудур тγгѳнгγр
Куткарбайм деди кѳрγнѳт.
Асмандап булут сѳгγлѳт
Аяктап жамгыр тѳгγлѳт.
Агала куйрук иректи,
Араандай болгон оңбогур.
Аңдып турат кѳрγнѳт.

Кайтарган короом алты жγз,
Алты айланып келгенче,
Алты аркар жылдыз батпайбы,
Таң сѳгγлγп атпайбы?

Жети айланып келгенче,
Жети аркар жылдыз батпайбы?
Таң кашкайып атпайбы?
Карыш бою жер казык,
Карышкыр сага не жаздык?
Койдун сγтγ коргошун,
Кой уурдаган оңбосун.
Эчкинин сγтγ эрменде,
Эчки уурдаган шерменде.

Төөнүн жүнү улама,
Төө уурдаган сулама.
Төгөрөк түндүк төөнүкү
Төрт бүлүң саба бээникі
Белиңдеги чочморуң,
Ыргай эмей эмне?
Ыргалып короо кайтарган,
Жыргал эмей эмне?
Кайтарган короом сак болгой,
Эртең бетим ак болгой.
Ай караңгы түн экен,
Асыл болчу күн экен.

Жылкынын ичи жык текей,
Шыңгыролуу Бекбекей
Колоттун ичи кой текей,
Коңгуроолуу Бекбекей.
Бейбекейди мен айтсам,
Берер бекен кудайым?
Саксакайды мен айтсам,
Сактаар бекен кудайым?

Үлүштө «Шырылдаң», «Бекбекей» ырлары менен бирге ырчылар да ар кандай ырларды ырдашып, дастандары да айтышкан. Ак таңдай төкмө ырчылар айтышка түшүшкөн. Жайлоо майрамын өткөргөндөрдү мактап ырдашкан. Ко-

музчулар күүлөрдү чертишип манасчылар «Манасты» айтышкан. Үлүш майрамында улуттук «Аркан тартышмай», «Тыйын эңмей», «Балбан күрөш», «Жөө чабыш», «Тогуз коргоол» өңдүү ж. б. оюндары да ойнолгон. Баш байгелер сайылып, жеңгендерге салтанаттуу түрдө тапшырылган. Бул майрамдын негизги ээлери — жайлоону жайлашкан койлуу, жылкылуу айыл болгон. Бүгүнкү күндө да Үлүштү кайратман малчыларыбыздын салттуу, салтанаттуу майрамына айланарына шек жок.

## ОРОЗО АЙТ

Ааламда Алла тааладан өткөн күчтүү да, акылман да, касиеттүү да, акыйкаттуу да эч ким болгон эмес. Ошондуктан жер жүзүндөгү турмуштагы, табигаттагы өзгөрүүлөр да, өнүгүүлөр да Алла тааланын амирине байланышкан. Орозо жана Курман (Курбан) айттары мединалыктардын «Ямун-Нейруз» ва «Ямун мехир жаан» деген эки күндүк майрамдарынан улам келип чыккан. Анткени ал майрамдарды Мухаммед пайгамбар Меккеден Мединага барганда өз көзү менен көрүп күбөдөр болгон. Ошондо ал Алла тааладан аталган майрамдардан да жакшы,

бүт мусулмандардын энчисине айлана тургандай майрамды өткөрүү үчүн буйрук алат. Кийин Мухаммад пайгамбар Алла тааланын өкүмүн аткарып, Орозо айты менен Курман айтты жер жүзүндөгү мусулмандардын улуу жана ыйык майрамына айландырат.

Мусулмандар байыртан эле бийик мунараларга, тоолорго чыгышып, айдын жаңырышына, көрүнүшүнө, батышына байкоолорду жүргүзүшүп, ай календарын пайдаланып келишкен. Ошондуктан орозо (хижра) ай календарынын тогузунчу айында — 30 күн, кээ бир жылдары 29 күн кармалган. Ошону менен бирге Орозо жыл сайын он эки күнгө сааттын жебесине, европалык календарга каршы жылып да турат.

Орозо тутуу ар бир мусулман адам үчүн эң бир ыйык парз болгон. Анын негизги максаты — соопчулук, ыйманды тазартуу, адамгерчиликке, эрктүүлүккө тарбиялоо, кудай алдында кечирген күнөөнү жуу, опкоктуктан, жаман адаттардан сактоо, денени чыңдоо, оору-сыркоолордон (денедеги ашыкча туздардан, муундардагы суулардан арылтууга ж. б. оорулардын) айыгышына багышталган. Орозону мусулмандар он эки жаштан тартып кармашкан. Орозо тутуудан жаш наристелер, бөбөктөр, боюнда бар жана жаңыдан төрөгөн аялдар, катуу оорулуу адам-

дар бошотулган. Жолоочулар менен согуштук жоокерлерине Орозону башка айларда кармоого уруксат берилген.

Байыртан эле элибизде «бүгүн шек, эртең тек» деген ылакап айтылат. Ал Орозо кармаардын биринчи күнүнө карата айтылган. Анткени ал күндү эл шектик — кулпулоо дешкен. Ошол күнү Орозо тута турган адам сүр эт кошулган аш (палоо) бастырат. Аны (шектикти) кечинде намаз шамда коңшу-колоңдорун чакырып жешет. Алгач куран намазы, андан кийин тарабы намазы окулат. Үй ээси менен чакырылган адамдар көпкө сүйлөшүп отурушат. Ал Орозону сосуунун кадыр түнү катары кабыл алынган.

Орозо кармаганда ооз бекитмей, ачмай деген салттуу кеп айтылат. Орозо туткан тигил же бул адам жерге кыймыл кире электе, болжол менен айтканда түнкү саат төрттө турат. Обочлу ал оозун ачаардын алдында туздан даам татып, суудан үч ууртайт. Анын алдында «ооло хума аллаказумдуу, обийааманту, оолайке ивтартуу» деп (ооз ачуу ачкычы) айтат. Туз даам татымды келтирет, суу болсо аш казанды тазалап, тамактын жакшы сиңишине, иче карындын мыкты иштешине таасир этет. Бир эле мезгилде тамактын өзөккө түшүп кетпешине да жөмөкчү болот.

Таң заарында ооз ачуу да ичкен тамакты «саардык» же «зоордук» дешет. Орозо кармаган адам саардыкты ичкенден кийин кечке чейин эч бир тамак ичпейт. Ал турсун наспай да, тамеки да чекпейт. Ошентип, ооз бекитилет.

Ал эми күн батканда (кечинде) ооз ачканда тамакты кичинеден, акырындык менен шашпай, апылдатып сугунбай жеш керек. Орозо кармаган адам күнүнө беш убак намаз окуйт. Ал бул күндөрдө өзүнүн эркин, күчүн сынайт. Эреже боюнча ал бирөөлөр менен көңүлүн калтырып урушпоосу, акарат кылып сөкпөөсү, жаман иштерди жасабоосу зарыл. Орозо айында чабышкан уруулар, элдер, чатакташкан адамдар бири биринен кечирим сурашып достошушкан жана бир туугандардан болушкан. Орозонун ыймандык, адептик күчү да ошондо көрүнгөн. Орозо күндөрүндө карыялар чогулушуп, таравага отурушкан. Ага аялдар да катышат. Бирок, алар эркектерден төмөн босого тараптан орун алышкан. Таравада карыялар көпкө чейин отурушуп өткөн-кеткенден маек курушкан.

Орозонун учурунда молдолорго битир берилген. Эреже боюнча аны молдолордун өздөрү алышпайт. Алар элден жыйнаган пулду (каражаттарды) тек гана багар-көрөрлөрү жок жетим жесирлерге, балдарга же мечитте балдарды

окуткан молдолорго соопчулук үчүн бөлүп беришкен.

Орозо айында үй-бүлөдөгү эркектердин санына жараша төрт түлүк малдан зекет берилген. Маселен кырк койлуу адамдан бир кой, ал эми бодо малдардын саны бир үй-бүлөдө жашагандардын санынан ашып кетсе, зекетке бир кара берилген.

Орозонун отузунчу күнү бүтүп, ай жаңырганда айтка даярдык көрүлөт. Үйлөр акталып, короо жайлар тазаланат. Ар бир адам айт күнүндө кийе турган сыйлуу кийимдерин даярдашат. Эртең айт деген күнү ар бир үй-бүлө боорсок бышырышып, даамдуу жакшы тамактарды камдашат. Бул күндү, эл айбашы дешкен. Ошол күнү ага-туугандар коңшу-колоңдор бири-бирин чакырышып тамак ичишет. Союлуучу малга бата кылышат. Баса, айтка карата негизинен жаш малдар союлат. Маселен алты айлык козу, улак, бир жарым жаштагы бодо мал. Кара малды тогуз киши уюшуп союшкан.

Айбашы күнү арбактарга арналып куран окутулат. Эртеси күндүн мурду көтөрүлгөндө эркектер таза, сыйлуу кийимдерин кийишип, даарат алышып, эркек балдарын ээрчитишип мечитке барышат, жок болсо дөңгө чогулушат. Имамдын катышуусу менен кыбыланы карашып

намазын окушат. Намазга келгендер өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө жараша молдонун алдында жайылып турган дасторконго акча таштапашат. Аны эл намаз акы дешет.

Намаз окулардын алдында эки сопу туруп, кыбыланы карап «сапан, сапан саап — катарыңарды түздөгүлө», — дешип кулактарынын учун эки колу менен кармашып үч жолу кыйкырышат. Айт намазы окулгандан кийин чогулгандар топ-топко бөлүнүшүп, үйдөн-үйгө киришип айтташат. Ар бир үй-бүлө колунда болгон бардык жакшы тамактарын дасторконго төгүшүп, бири бирин сыйлашат. Ак дасторкондун кашында пайгамбарларга, көзү өткөн ата-бабаларга, ата-энелерге, жээк-жаатка багышталып куран окутулат. Айт күндөрүндө арбактар тирүүлөрдөн куран үмүт кылат. Ошондуктан көрүстөндөргө барып куран окуу керек. Анткени алардын келгенин арбактар сезишип, аябай ыраазы болушат. Айтта арак ичүүгө тыюу салынат. Улуу күндө жаш балдарга айттык деп бир-эки сом берип койсо, алар төбөсү көккө жеткендей сүйүнүп калышат. Айт күнүндө көп эл жүргөн жерлерде (базарларда, шаарлардын көчөлөрүндө) такбир-курандын аяттарынан шаңдуу, мукамдуу, обондуу кыраат менен үзүндүлөр окулган.

Орозо айтты майрамдоо үч күнгө созулган. Касиеттүү Орозо айты жөнүндө «Ислам өкүмдөрү» («Ахкаамил ислам») аттуу китепте: «Орозо» айты боло турган күн—шавал айынын биринчи күнү. Бул күнү рамазан айы бүтүп мусулмандар Алла таала амир кылган зор милдетти аткарып, өз башындагы парстан кутулат. Мына ошонун урматына алар шаттанып, көңүлдөрүн көтөрүп курсант болушат. Бири-бирине жакшылык тилешет» — деп жазылган. Ооба, Орозо айт соопчулук менен ыймандуулуктун айты болгон. Ал Алла таала өкүм кылган отуз күндүк Орозонун ийгиликтүү өткөндүгүнө багышталып шаңдуу майрамдалган.

## КУРМАН АЙТ

**Курман (Курбан) айт** — Орозо айттан жетимиш күн өткөндөн кийин майрамдалган. Ал Орозо айттан ошонусу менен гана айырмаланган. Калган ырасмысынын бардыгы Орозо айттыкындай өткөн. Курман айттын калк арасында айтылып калышы жөнүндө ар кандай имиштер айтылат. Ошонун биринде: «Илгери, илгери Ибрайим алейхисалам деген пайгамбар болуптур. Ачы кудай абдан жакшы көрөт. Бир күнү периштелер Кудайга: «Сиз эмне үчүн Ибрайим алейхи-

салам пайгамбарды өзгөчө жакшы көрөсүз?» — деп сурашыптыр. Ошондо Кудай: «Ал менден эч нерсесин аябайт, ошондуктан жакшы көрөм» — дейт. Анда периштелер: «Эмесе баласы Исмаилди Сиз үчүн курман чалып көрсүнчү» — дешет. Ошондо Кудай Жебрейилди жиберип: «Баласын мен үчүн курман кылсын» — деп сурaптыр. Ибрайим пайгамбар болсо, баласы Исмайилге барып Алла-тааланын буйругун айтат. Ал кыңдебестен макул болот. Атасы чоң бычакты алып, баласынын колу-бутун бууп: «Кудайым, сенин жолуңа» — деп чалып алат. Бирок, Кудайдын буйругу боюнча Жебрейил бычакты Исмайилдин тамагынан өткөрбөй кармап калат. Ошондо периштелер ыраазы болушат. Ибрайим пайгамбар ачууланып бычагын жанындагы ташка чабат. Бычак ташты балтыркандай чапкандай таарып түшөт. Ошондо асмандан чыгырык мүйүздүү көк кочкор түшүп келет. Ибрайим пайгамбар аны курман чалат. Ошондон улам Курман айт келип чыгат. «Кыямат, кайым болгондо, — деп айтышат молдолор, — курман чалган мусулмандар кыл көпүрөдөн чагылгандай тез өтүп кетишет. Ошондуктан аксак-тескек эмес, семиз, таза, соо малды курмандыкка чалыш керек. Союлган малдын териси, башы, төрт шыйрагы молдого берилген.

Курман айтты өткөрүү расмиси да, тартиби, эрежеси да Орозо айттын дал өзүндөй өтөт.

Курман айтта ар бир түтүн, эгерде колунда болсо курман чалуусу зарыл. Ошондой болсо да жети киши уюшуп бир төө, үч киши уюшуп бир уй, же жеке бир адам койду курмандыкка чалган. Алар жер, сууга, тоо-ташка сыйынышып, касиеттүү Алла таaладан жардам сурашып, жамгырдын жаашын да тилешкен. Алла да адамдардын өтүнүчүн кабыл тутуп, жамгыр да төкчү. Андан жер көгөрүп, данга кампа толуп, калкыбыздын курсагы карк болчу. Айттын теги териштире келсек байыркы Аравиядан тараптыр. Айт күндөрүндө динге ишенгендер мечитке барышып, намазга жыгылышат, куран окушат. Кудайга сыйынышат. Ар бир адам күнөөлөрүнөн арылуу үчүн битир, зекет, садага ж. б. беришет.

Орозо менен Курман тутуу башталгандан жарамазан айтылган. Анын теги фарс тилиндеги Ярамазан-эй, рамазан деген сөзүнөн чыккан. Ал элибиздин Орозо (мусулмандардын рамазан же рамадан) айынын экинчи жарымында түн ичинде, эл жаткандан таң заарына чейин аткарылган. Алардын негизги айтуучулары жаш балдар менен боз уландар болушкан. Кээде чоңдор да айтышкан. Алар ырга ынак, күү жандуу келишкен. Жаштардын арасында аргендей үндүү-

лөрү, кумдай куюлуштура төккөн төкмө ырчылары, комузду таңшыта черткен чертмекчилери да, тилдеринен чаң чыккан чечендери көп болгон. Булар жарамазанды шайырдык шыктарына (өз дараметтерине жараша) кыска, кээде узакка чейин айтышкан.

Оболу, жарамазан айтуучу жаштар бир жерге чогулушкан. Алар колдорунда болгон унааларын (аттуулары атын, төөлүүлөрү төөсүн, уйлуулары уюн) минишип, беш-алтыдан андан да көп болуп алышып, үйдөн-үйдү, айылдан-айылды кыдырышкан. Алар жарамазанды үйдүн оң жак босогосу тарабына катар турушуп, бир ооздок — шыгыр (хор) түрүндөгү абалкы мукамдуу обондо ырдашкан. Элдин салт-санаасын сактап калуу максатында тигил, же бул жакшы жашаган үй ээсинин кадыр-баркы, ата-теги, үй-бүлөсү, мал-жаны макталып ырдалган. Бир эле мезгилде ага ден соолук, байлык-бакыт, орозосунун кабыл болушу өңдүү жакшы тилектери да баяндалган.

«Жакшы сөз — жан семиртет» дегендей ушул ыйык айда ийги мамиле жасоо, бири-бирине жакшы тилек айтуу, жан эриткен бата берүү — жарамазан айтуунун эң негизги максаты болгон.

Жарамазан айтуучулар ырчы, же акын болсо, үй ээси ага чапан жаап, кой, тай, ал эми балдар-

та, боз уландарга куйрук май өңдүү тамактан баштап кол оромол, он беш, жыйырма тыйындык күмүштөрдү беришкен.

Жарамазан учурашуу, мактоо, суроо жана бата сыяктуу бөлүктөрдөн турган. Байыркы элдик ырдын өзөгү туруктуу даяр ыр саптарынан турса да, айтуучунун (ырчынын) шыгына, ар кыл кырдаалга, түрдүү шартка жараша алымча-кошумчалар киргизилип ырдалган. Жарамазан комуздун, кыл кыяктын коштоосунда да топтолушуп шыгыр түрүндө айтылган.

Бүгүнкү күнгө чейин абалкы ыр ислам дининин жаада-салттарын бекемдөөчү, диний идеологиянын жол-жоболорун эл арасына жайылтууга багытталган чыгарма катары кара сандыкка катылып келген. Эми болсо жарамазандын да кезеги келип айтылчу убагы. Калк ичинде «Жарамазандын» көп түрү айтылган. Алардын ичинен эки үлгүсү тандалып окурмандарга тааныштыруу ирээтинде алынды.

## ЖАРАМАЗАН

Атсалоом алейкум, жарамазан!
Он эки айда бир келчү, Орозо жан!
Уктап аткан балдарга умай салам!

Кулак каккан жандарга дубай салам!
Адыр-адыр тоолордон
Айгыр минип биз келдик.
Айгыр башын тарта албай
Ушул үйгө туш келдик.

Будур-будур тоолордон
Бука минип биз келдик.
Бука башын тарта албай
Ушул үйгө туш келдик.

Түндүгүнөн Ай өткөн ээй,
Түпкү атасы бай өткөн ээй.
Жабыгынан Ай өткөн эй,
Жалпы атасы бай өткөн ээй.

Үйүң-үйүң үй экен ээй,
Үйдүн көркү чий экен ээй,
Саба көркү бал кымыз а-а!
Сандык көркү жүк экен ээй.

Босогосун сырдаткан ээй,
Боз балдарын ырдаткан ээй.
Бу кайсы байдын үйү экен ээй.

Жарамазан айы экен ээй,
Жүргөн жери шаң экен ээй,

Жоомарт пейил элимдин а-а,
Ырыс-куту бай экен ээй!

Бабалардын ыры экен ээй,
Барктап алчу сыр экен ээй.
Эзелкинин ыры экен ээй.
Жарамазан айтабыз ээй,
Эстеп алчу сыр экен ээй.

Буудан башын тартабыз ээй,
Оору-сыркооң бар болсо ээй,
Отко салып кайтабыз ээй,
Капалыгың бар болсо ээй,
Капка салып кайтабыз ээй!..

Жарамазан жар болсун ээй,
Жакшылыгың чар болсун ээй.
Алганыңдын кийгени а-ай,
Кымкап, жибек, шай болсун ээй.
Балдарыңдын мингени ээй,
Кара кашка тай болсун ээй...
Тоодак этин ашагын ээй,
Токсонго жете жашагын ээй,
Улар этин ашагын ээй,
Узак өмүр жашагын ээй.

— дешип ырдаганда үй ээлери жарамазанчы-

ларды кур кол кетирбейли деп камына баштайт.
Ошондо жарамазанчылар:

Казан аяк калдырайт,
Курут эзип жатабы бейм?
Бычак учу жылтырайт,
Май томуруп жатабы бейм?
Ушул үйдүн түндүгү кайың бекен?
Бизге берер жоолугу дайын бекен?
Ушул үйдүн түндүгү арча бекен?
Бизге берер жоолугу барча бекен?

Жарамазан айткандын жайы бардыр,
Жайып алган куруттун майы бардыр?
Курут берсең туруп бер, жеңе.
Бети-колуң жууп бер, жеңе,
Бычак берсең кындап бер,
Кындап берсең, чындап бер, аба,
Улоо берсең чындап,
Улуу журтту сыйлап бер, аба,
Жамбы берсең бул жайда,
Жарыгы тиет ал жайда,
Тамак берсең бул жайда,
Сообу тиет ал жайда,
Чапан берсең жалганда.
Чатыр болоор барганда.
Көйнөк берсең жалганда

Көлөкө болоор барганда.
Ээй, улак берсең албаймын,
Убалыңа калбаймын,
Козу берсең семиз бер,
Кездеме берсең тегиз бер.
Бука берсең байлап бер.
Мурунтугун шайлап бер.
Жолдо бара жатканда
Мурунтугун үзбөсүн,
Кардымды жара сүзбөсүн,

— деп аягын тамаша менен бүтүрүшкөн.

Эгерде жарамазан айтып барганда үй ээлери турбаса:

Ээй, төбөмдөгү төрт жылдыз,
батамын деп жатыры.
Жанымдагы жолдошум
жаңы катын алды эле
жатамын деп атыры.

Сур-сур жылан, сур жылан толгоно көр,
Сурайылдай жеңеке ойгоно көр.
Ак-ак жылан, ак жылан толгоно көр,
Ай чырайлуу жеңеке ойгоно көр,

— деп ырдашат. Анда турушпаса:

— Оо, жарты наның жок беле,

Жабышып уктап калыпсың?
Бүтүн наның жок беле,
Бүк түшүп уктап калыпсың?

— деген шекилдүү ырларды ырдап бастырып кетишет.

Эгерде үй ээлери абалкы салтты сактап, карамазанчыларды «Куттуу үйдөн кур чыкпа», деп кур кол чыгарышпаса, анда алар:

Бул пейлиң барында
бир жакшылык көрөсүң.
Келерки жыл айланбай
Келинчегиң төрөсүн,
Ээй,
Жүгөрүнүн алтын айдар сотосу бар.
Кудайым уул берсин чочосу бар!
Көз мончок тагып ал да, жакшы кара,
Кыз берсин айдай сулуу, кашы кара.
Короого батпай койлоруң
Корумда козуң ойносун.
Жылкыларың күтүрөп,
Жылганы бербей бойлосун?
Арбак үчүн ак үйүң чатыр болсун,
Ушул үйдөн бир бала баатыр болсун.
Баатырлыктын пайдасы кайда тиер,
Кыл көпүрө кыямат жайда тийер!
— Оомийин!

— деп бата беришкен.

(2-түрү)

Кызыл ала турумтай
Кырдан алыс кетиптир.
Кышкы кеткен орозо
Быйыл кайтып келиптир.

Жашыл ала турумтай
Жардан алыс кетиптир
Жазгы кеткен орозо
Быйыл кайтып келиптир.

Кырка-кырка тоолордон
Күлүк минип биз келдик.
Күлүк оозун тарта албай,
Куттуу үйгө түш келдик.

Ырыстуу байдын үйү экен,
Ырысынан май тамган.
Кылычтуу байдын үйү экен,
Кылычынан май тамган —

дешип ырдашкан. Андан соң жарамазанчылардын үй ээлерине болгон өтүнүчтөрү:

Чыбыр, чыбыр, чыбырчык,
Буудай майлап кууруп чык.
Бир топ мата сууруп чык
Бычак учу жылтырайт,

Май томоруп жаткан бейм.
Майың болсо алып чык,
Сакал, мурут майлайлык
Казанаяк калдырайт,
Курут алып жаткан бейм.
Курутуң болсо алып чык
Катыр, кутур чайнайлык.
Курут берип кубантпа
Куру сөзгө жубантпа.
Таруу берип тамшантпа,
Таң атканча какшатпа.
Ушул үйдүн үзүгү
Үзүлүңкү көрүнөт.
Ушул үйдө жеңечем
Сүзүлүңкү көрүнөт, —

ырдалат да, акырында колдоруна бирдеме жарамазанчылар:

Балдар, балдар, балдар ай,
Байга бата бериңер,
Байдын көңүлү жай болсун.
Балдарынын мингени
Жорго кара тай болсун.
А желенин башынан
Ат жүгүрүп жетпесин.
Бу желенин башынан
Кас санаган душманың,

Эмдиги ушул маалга жетпесин.
Үлдүр, үлдүр, үлдүр бол,
Бөдөнөдөй көкчүл бол.
Адам таппас сөздүү бол,
Пайгамбардан сүрдүү бол.
Бир баланды атын Жайнак кой,
Бир баланды атын Тайлак кой.

Келиниң кептүү болсун,
Кереген септүү болсун!

Байлардын көңүлү жай болсун,
Ичкени май, чай болсун.

Орозо айт, Курман айт күндөрүндө кыргыздын улуттук «Улак тартуу, «Кыз куумай», «Балбан күрөш» жана башка оюн-зооктор ойнолуп, ыр-күүлөр жаңырып турган.

МАЗМУНУ

АЛГЫ СӨЗ . . . . . . . . . . 3

НООРУЗ . . . . . . . . . . 6

ЧЕЧКОР . . . . . . . . . . 15

ҮЛҮШ . . . . . . . . . . 19

ОРОЗО АЙТ . . . . . . . . . . 28

КУРМАН АЙТ . . . . . . . . . 34

Научно-популярное издание

НАРОДНЫЕ ПРАЗДНИКИ

Составитель и лит. обработчик

**Алагушов Балбай**

Художник **К. Турумбеков**

Бишкек, издательство «Адабият»

**На кыргызском языке**

**Илимий-популярдуу басылма**

**ЭЛДИК МАЙРАМДАР**

Түзгөн жана иштеп чыккан

**Алагушов Балбай**

Редактору **А. Макешов**

Сүрөтчүсү **К. Турумбеков**

Көркөм редактору **А. Момуналиев**

Тех. редактору **В. Крутякова**

Корректору **П. Самаева**

ИБ № 822

Терүүгө 12.08.92. берилди. Басууга 14.01.93. кол коюлду. Кагазы типографиялык № 2. Форматы 84×108 1/64. Адабий ариби. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 0,75 физ. басма табак. 1,44 учеттук басма табак. 1,26 шарттуу басма табак. 1,39 шарттуу боек түшүрүү. Нускасы 50 000. Заказ 1463. Келишимдүү баа.

720361, ГСП. Бишкек шаары. Совет көчөсү, 170.
«Адабият» басмасы
Кыргыз Республикасынын «Акыл» мамлекеттик концерни
Токмок шаардык басмакана